Бекитемин»
ОшМУнун ректору,
проф. К. Г.Кожобеков
«___» ____ 2025ж.

1. ЖАЛПЫ

ЖОБОЛОР

1. Хошим корей борбору (мындан ары - борбор деп аталуучу) Ош мамлекеттик университетинин (ОшМУнун) Эл аралык билим берүү программаларынын жогорку мектебинин (ЭАББПЖМ) Россия-Евразия интеграция бөлүмүнүн (РЕИБ) түзүмү болуп саналат.

1.1. Борбор ОшМУнун Гуанджу университети менен эки тараптуу кызматташтыгынын алкагында, Гуанджу университетинин колдоосу жана өнөктөштүгү менен түзүлгөн.

1.2. Борбордун толук аталышы:

Кыргызча: Хошим корей борбору.

Корей тилинде:호 심 한 국 어 센 터 .

1.3. Хошим борбору өз ишинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, ОшМУнун уставын, ОшМУнун ректорунун буйруктарын жана тескемелерин ошондой эле ушул Жобону жетекчиликке алат.

2. МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

2.1. Борбордун негизги максаты - ОшМУнун тагыраак айтканда «Аймак таануу» жана башка адистиктердеги окутуучуларды жана студенттерди корей тилин үйрөнүүдө жана тилдерди салыштыруу менен илим изилдөөдө шарт түзүп берүү;

2.2. Ошол эле учурда эки тараптуу кызматташтыкты колго алып, корей тилин окутууну жакшыртуу жана аларга кыргыз тилин үйрөтүү, эки элдин маданиятын үйрөнүү, ар тараптуу кызматташууну жакшыртуу жана каржылык жактан ОшМУнун кызматташкан персоналдарына салым кошуу;

2.3. Билим берүү жана илим министрлигинин окуу процессин өркүндөтүү жана модернизациялоо;

2.4 Чет өлкөлүк ЖОЖдор, эл аралык уюмдар, фонддор менен жаңы байланыштарды түзүүгө жана болгон байланыштарды кеңейтүүгө көмөктөшүү;

2.5. ОшМУнун окутуучуларын жана студенттерин академиялык мобилдүүлүк менен Гуанджоу университетине баруугa, тажрыйба алмашууга шарт түзүү;

2.6. ОшМУдагы билим берүү жана илим изилдөө методикаларын өнүктүрүү процессине эки тараптуу көмөктөшүү жана окутуунун инновациялык моделдерин иштеп чыгуу;

2.7. Чет тилдерин өздөштүрүүдө корей тилин эффективдүү үйрөнүүнүн методикасын жайылтуу;

2.8 ОшМУнун докторанттарына, аспиранттарына, магистранттарына жана окутуучуларына,студенттерге ар кандай донордук уюмдарга долбоордук табыштамаларды түзүүдө ар тараптуу жардам көрсөтүү;

2.9. Студенттерди корей тилинде окутуп жаткан окутуучуларды тестирлөө, башталгыч жана орто этаптарда корей тилин өздөштүргөн студенттерди жогорку деңгээлдеги топторго которуу үчүн тил үйрөнүүчүлөрдү окуу топторуна бөлүштүрүү;

2.10. Тил үйрөнүүдө, аны изилдөөдө окуу программаларын ар кандай деңгээлдеги, максаттуу багытты, даярдоо колдонмолорун иштеп чыгуу. Билим берүү, изилдөө жана агартуу милдеттерин чечүү үчүн кызмат көрсөтүү чөйрөсүн өнүктүрүү.

**Ушул максаттарды жетекчиликке алып, борбор төмөнкү маселелерди чечүүгө багыт алат:**

2.11. Билим берүү жана изилдөө процессинде корей тилин үйрөнүү жана колдонуу чөйрөлөрүн кеңейтүү максатында жайылтуу;

2.12. Геомаалыматтык технологияларынын кооперация жана интеграция процессине көмөктөшүү, Хошим борбордун иши жана ОшМУнун өнөктөштөрүнүн илимий, билим берүү жана башкаруучулук ишмердигинин алкагында иштелип чыккан башка маалыматтык технологиялар аркылуу;

2.13. Тил үйрөнүү технологияларын колдонуунун натыйжалуулугун жогорулатуу жолдорун жана ыкмаларын аныктоо боюнча региондор аралык жана эл аралык кызматташтыкты өнүктүрүү, улуттук жана тармактык деңгээлде стандартташтырууга көмөктөшүү;

2.14. Хошим борборундагы баардык кызматтардын чөйрөлөрүндө жана тил үйрөнүүнүн бардык этаптарында ошондой эле билим берүүнүн, сырткы академиялык мобилдүүлүк боюнча консультациялык кызматтарды көрсөтүү;

2.15. Эл аралык илимий тажрыйба алмашууну уюштурууга, докторанттар, магистранттар, окутуучулар, изилдөөчүлөр жана студенттер үчүн окутуучу иликтөөлөрдү пландаштырууга жана өткөрүүгө көмөктөшүү;

2.16. Маалыматтык-маалымдама материалдарды, окуу куралдарын, илимий адабияттарды, көрсөтмө үгүт каражаттарын, аудио жана видеопродукцияларды иштеп чыгуу, басып чыгаруу жана жайылтуу;

2.17. ЭАББПЖМнын РЕАИ бөлүмүнүн түзүмү деп эсептелген борборунун максаттуу милдеттерине жана тематикалык ишмердүүлүгүнө ылайык келген илимий-методикалык мүнөздөгү кеңешмелерди, семинарларды, симпозиумдарды, конференцияларды, көргөзмөлөрдү, форумдарды жана башка массалык иш-чараларды уюштуруу жана өткөрүү;

2.18. Борбордун максаттуу милдеттерине жана тематикалык ишмердүүлүгүнө ылайык долбоорлорду иштеп чыгуу боюнча эл аралык программаларга жана конкурстарга катышуу;

2.19. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Жободо тыюу салынбаган башка иштерди жүзөгө ашырууга.

## 3.Өз ара кызматташуу

3.1 .Негизги функцияларды аткарууда Борбор ОшМУнун жетекчилиги,бөлүмдөрү, башкармалыктары жана башка кызматтары менен өз ишмердигин уюштуруу маселелери боюнча өз ара кызматташууну орнотот;

3.2. Борбор ОшМУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрү менен өз ара байланышта иштейт;

3.3. Борбор ОшМУнун Билим берүү программаларынын жетекчилери жана ОшМУнун эл аралык байланыштар бөлүмү менен тыгыз байланышта иштейт.

## 4. Борбордун уктары

4.1. ОшМУнун студенттерине, магистранттарына, аспиранттарына, окутуучуларына жана кызматкерлерине чыгыш өлкөлөрүнүн жана алыскы чет өлкөлөрдүн ЖОЖдорунда, эл аралык уюмдарда ж. б. чет тилдерди окутуунун жаңы ыкмалары жөнүндө керектүү маалыматтарды издөө боюнча консультацияларды берүү.

4.2. 4.2. Сабактарды өткөрүүдө жана консультацияларды берүүдө программалык камсыздоонун жаңы методдорун жана маалыматтык патенттик издөөнүн башка инновациялык методдорун пайдалана алат.

4.3. ОшМУнун башка институттарынын базасында Борбор тарабынан бекитилген жобонун негизинде иштеген ушул сыяктуу структураларды ачуу;

4.4. Борбордун ишинин чөйрөсүнө тиешелүү маселелер боюнча мамлекеттик бийлик органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, илимий, билим берүү, коомдук жана башка уюмдар менен өз ара аракеттенүүгө;

4.5. Белгиленген тартипте эл аралык кызматташтыкты, анын ичинде эл аралык программаларга жана макулдашууларга катышууну жүзөгө ашырат;

4.6. Борбордун иш чөйрөсүн ишке ашыруу үчүн зарыл болгон иш-чараларды жүзөгө ашырат;

4.7. Борбордун шарттарына, максаттарына жана ишинин түрлөрүнө ылайык келген жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келбеген башка уктарды пайдаланууга.

## 5. БОРБОРДУ БАШКАРУУ

5.1. Уюштуруу түзүмүндө Борбор ЭАББПЖМнын директоруна жана РЕИБнын бөлүм башчысына баш ийет.

5.2. Борбордун ишин жана жалпы жетекчиликти Борбордун директору жүзөгө ашырат.

5.3. Борбордун директорунун талапкерлиги ЭАББПЖМнын РЕИБнын жетекчилиги тарабынан аныкталат жана ОшМУнун ректорунун буйругу менен бекитилет.

5.4. Борбордун директорунун жана персоналдарынын ишинин формасы жекече аныкталат жана акысыз (акылуу) негизде жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

5.5. Борбор өзүнчө персоналдык түзүмгө ээ болушу мүмкүн, ошондой эле эгерде мындай кооперация Борбордун ишке ашырылып жаткан долбоорлору жана программалары менен аныкталса, РЕИБнынбөлүмүнүн,ЭАББПЖМнын жана ОшМУнун башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн персоналдарын тарта алат.

## 4. КАЙРА УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЮУ ТАРТИБИ

4.1. Борбор ОшМУнун ректорунун чечими боюнча бириктирүү, кошуу, бөлүү, бөлүп чыгаруу, өзгөртүп түзүү формасында кайра түзүлүшү мүмкүн, эгерде бул ОшМУнун жетекчилигинин чечимине каршы келбесе.

4.2. Кайра уюштурууда Борбордун бардык мүлктүк жана мүлктүк эмес уктары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган тартипте жаңыдан пайда болгон (укук мураскоруна) өтөт.

**Макулдашылды:**
**Россия жана Евразия интеграция бөлүмүнүн башчысы , ф.и.к, доцент:** **Акматова Д. А**

**ВШМОП директору, профессор** **Турсунов Д. А.**

**Планово-финансылык бөлүмүнүн башчысы:** **Курбанбаева Динара**

**ОшМУнун юристи:** **Айдарбекова Ж.А.**